*“КЭЭБ” ААКунун Жалгыз акционеринин 22.02.2024-ж.№3-р чечими менен бекитилген*

*“Өзгөртүүлөр киргизилди” “КЭЭБ” ААКунун Жалгыз акционеринин 29.04.2024-ж.№5 чечими менен*

*“Өзгөртүүлөр киргизилди” “КЭЭБ” ААКунун Жалгыз акционеринин 28.05.2024-ж.№6 чечими менен*

**“Кыргыз Энергетикалык Эсеп Борбору”**

**АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНУН**

**УСТАВЫ**

**г.Бишкек - 2024 г.**

**1-берене. Жалпы жоболор**

1.1.“Кыргыз Энергетикалык Эсеп борбору” ачык акционердик коому (мындан ары- “Коом” деп аталуучу) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 5 –августундагы №561 токтомуна ылайык түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 5-августундагы №352 тескемесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонду 2016-жылдын 30-сентябрындагы №56 өткөрүү тескемесине ылайык жана “Улуттук энергетикалык холдингдик компаниясы” ачык акционердик коомунун уставдык капиталын көбөйтүүнүн эсебинен баалуу кагаздарды өткөрүп берүү жөнүндө Макулдашуунун негизинде менчик укугунун өтүүсүндө “Кыргыз Энергетикалык Эсеп Борбору” ачык акционердик коомунун жөнөкөй энчилүү акциялары “Кыргыз Энергетикалык Эсеп Борбору” ачык акционердик коомунун акцияларынын мамлекеттик пакети “Улуттук энергетикалык холдингдик компаниясы” ачык акционердик коомунун уставдык капиталына киргизилген, 2024-жылдын 20-октябрындагы өткөрүү тескемесинин негизинде “Кыргыз Энергетикалык Эсеп Борбору” ачык акционердик коомунун акцияларынын пакети “Улуттук энергетикалык холдингдик компаниясы” ачык акционердик коомунан “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги” мекемесине өткөрүлүп берилген.

1.2.Коомдун баштапкы мамлекеттик каттоосу 2015-жылдын 17-ноябры.

1.3. Коомдун толук фирмалык аталышы расмий тилде: Открытое акционерное общество “Кыргызский Энергетический Расчетный Центр” мамлекеттик тилде “Кыргыз Энергетикалык Эсеп борбору” ачык акционердик коому.

1.4. Коомдун кыскартылган фирмалык аталышы расмий тилде: ОАО”КЭРЦ”, мамлекеттик тилде “КЭЭБ” ААК.

1.5. Коомдун ишмердигинин мөөнөтү чектелген эмес.

1.6. Коомдун турган орду:

720070 Бишкек ш., Жибек Жолу көч. 326 . Юридикалык дареги Кыргыз Республикасынын аймагындагы кайсы болбосун башкага акционерлердин жалпы чогулушунун жөнөкөй чечими менен өзгөртүлүшү мүмкүн.

**2-берене. Коомдун юридикалык статусу**

2.1. Коом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жак болуп эсептелет, өз бетинче балансқа, банктык эсептерге ээ, өзүнүн атынан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарды өзүнүн атынан сатып ала алат, милдеттерди аткара алат, сотто доогер жана жоопкер боло алат.

2.2. Коом өзүнүн ишмердигин мүлктүк, экономикалык жана финансылык өз бетинчеликтин принциптеринде ишке ашырат.

2.3. Коомдун мөөрү, штамптары жана Коомдун аталыштары көрсөтүлгөн бланктары бар, үлгүлөрү Коомдун Башкы дирекциясы тарабынан бекитиле турган жана белгиленген тартипте каттоодон өтүүчү өзүнүн товардык белгисине , символикасына жана көзгө көрүнүүчү идентификациялоонун башка каражаттарына ээ боло алат.

2.4.Коом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагындагы жана анын чектеринен тышкары юридикалык жактардын уставдык капиталдарында катыша алат.

2.5.Коом өз ишмердигин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ушул Уставга жана Коомдун ички документтерине ылайык жүргүзөт.

2.6.Коом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте өзүнүн турган жеринен тышкары, юридикалык жактар болбогон жана жобонун негизинде Коомдун атынан жана анын тапшырмасы менен аракет кылган филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн ачууга жана аларга негизги жана жүгүртүүчү каражаттарды өзүнүн мүлкүнүн эсебинен берүүгө, ошондой эле коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө укуктуу.

2.7.Коом өзүнүн милдеттенмелеи боюнча өзүнүн мүлкүнүн чектеринде жоопкерчиликтүү болот.

2.8.Коом өзүнүн Жалгыз акционеринин милдеттенмелери боюнча жоопкерчиликтүү болбойт. Жалгыз акционер Коомдун милдеттемелери боюнча жоопкерчиликтүү болбойт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурлардан башка, өзүнө таандык болгон акциялардын наркынын чектеринде Коомдун ишмердигине байланышкан чыгашалардын коркунучун өзүнө алат.

**3-берене. Коомдун ишмердигинин максаттары жана түрлөрү**

3.1. Коом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасында Коомдун активдеринин рентабелдүүлүгүн жана эффективдүү эксплуатациялоону камсыз кылуу менен коммерциялык ишмердикти ишке ашырат.

3.2.Коом ишмердиктин төмөнкү негизги түрлөрүн ишке ашырат:

1)Кыргыз Республикасынын энергосистемасы боюнча маалыматтарды топтоонун жана иштеп чыгуунун борбордоштурулган системасында ( МТИЧБС) электр энергиясынын эсебинин маалыматтарынын бирдиктүү базасын түзүү;

2) электр энергиясынын коммерциялык эсебинин автоматташтырылган системасын (ЭЭКЭАС) МТИЧБС ге интеграциялоо;

3) МТИЧБС те электр энергиясынын эсебинин маалыматтарын топтоо, иштеп чыгуу жана сактоо;

4)МТИЧБС те сакталып турган маалыматтардын коопсуздугун жана конфиденциалдуулугун камсыз кылуу;

5) электр энергиясынын эсептөөлөрү жана фактылык балансатарын даярдоо боюнча кызматтарды көрсөтүү;

6)МТИЧБС маалыматтар базасына жеткиликтүүлүктүн белгилүү деңгээлин уюштуруу;

7) ЭЭКЭАС ка бирдиктүү метрологиялык саясатты жана талаптарды иштеп чыгууга катышуу;

8) электр энергетикасында айкын жана атаандаштыкка жөндөмдүү рыноктук мамилелерди өнүктүрүүгө катышуу.

3.3. Коом ишмердиктин негизги түрлөрүнөн башка ЭЭКЭАСты түзүүнү жана киргизүүнү ишке ашырат.

3.4.Коом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген ишмердиктин бардык башка түрлөрүн ишке ашырат.

**4-берене. Коомдун уставдык капиталы**

4.1.Коомдун капиталы анын жалгыз акционери тарабынан акцияларды чыгаруунун жана жайгаштыруунун натыйжасында түзүлөт. Коомдун акциялары аларды жайгаштыруунун жүрүшүндө аны башкаруунун жогорку органынын чечими менен бекитилген тартипте жана шарттарда төлөнөт.

4.2. Коомдун уставдык капиталы 100 000 (жүз миң) сомду түзөт.

4.3. Коомдун уставдык капиталы ар биринин номиналдык наркы 100 (жүз) сом болгон 1000 (миң) жөнөкөй акцияга бөлүнгөн.

4.4. Коомдун мүлкү негизги фонддордон, жүгүртүүчү каражаттардан, алынган кирешелерден, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыйуу салбаган негиздерде сатып алынган башка мүлктөрдөн жана мүлктүк укуктардан түзүлөт.

4.5. Коомдун мүлкү өзүнчө баланста чагылдырылышы керек.

4.6.Коомдун уставдык капиталын көбөйтүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

**5-берене. Коомдун акциялары жана башка баалуу кагаздары**

5.1.Коом жөнөкөй жана артыкчылыктуу акцияларды чыгарууга укуктуу. Акциялар документардык эмес формада чыгарылат.

5.2. Коом акцияны чыгарууну баалуу кагаздар рыногун жөнгө салуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өткөрүүгө милдеттүү.

5.3. Ар бир жөнөкөй акция акционерлердин Жалпы чогулушунда бир добуштун укугуна ээ болот

5.4. Акция ээсине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган укуктарды берет.

5.5. Коомдун акцияларын, ошондой эле башка баалуу кагаздарын чыгаруунун шарттары жана тартиби, санын көбөйтүү жана азайтуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

**6-берене. Дивиденддер**

6.1.Коомдун таза пайдасы ( салыктарды жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн кийин) башкаруунун жогорку органы аныктаган тартипте бөлүштүрүлөт.

6.2. Төлөөнүн мөөнөтү жана тартиби, ошондой эле дивиденддерди төлөө боюнча чектөөлөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

**7-берене. Коомду башкаруу**

7.1. Коомду башкаруунун органдары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) жогорку орган –Жалгыз акционер болгон “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги” көрсөткөн акционерлердин жалпы чогулушу;

2) аткаруучу орган – Башкы дирекция;

3) контролдоочу орган – Коомдун Текшерүүчүсү.

7.2. Коомдун башкаруу жана контролдоо органдары жана өз ишмердигин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Коомдун ушул Уставына жана Коомдун ички документтерине ылайык ишке ашырат.

7.3. “Акционердик коомдор жөнүндө” Мыйзам, ушул Устав менен башкаруунун жогорку органынын компетенциясына берилген маселелер боюнча чечимдер Жалгыз акционер тарабынан кабыл алынат.

**8-берене. Жалгыз акционер.**

8.1. Коомдун Жалгыз акционери төмөнкүлөргө укуктуу:

8.1.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарыжана ушул Устав менен каралган тартипте Коомду башкарууга катышууга;

8.1.2. Коомдун ишмердигинен пайданын бир бөлүгүн (дивиденддерди) алууга;

8.1.3. Жалгыз акционер жана/же ушул Устав менен аныкталган тартипте Коомдун ишмердиги жөнүндө маалымат алууга, анын ичинде Коомдун финансылык отчеттуулугу менен таанышууга;

8.1.4.Коомдун каттоочусунан же номиалдык кармоочусунан баалуу кагаздарга болгон анын укугун тастыктоочу көчүрмө бөлүктөрдү алууга;

8.1.5. Коомдун башкаруу органдары кабыл алган чечимдерди сот аркылуу талашууга;

8.1.6. Коомдун ишмердиги жөнүндө аффилиацияланган уюмдардын кесилишинде анын ичинде конфиденциалдуу мүнөзгө ээ болгон маалыматты сурам менен белгиленген мөөнөттө же сурамды алгандан кийин отуз календарлык күндөн кеч эмес алууга;

8.1.7. Коомду жойууда мүлктүн бир бөлүгүнө талапкерлик кылууга;

8.1.8.Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте Коомдун акцияларын, жана анын акцияларына конвертацияланууучу башка баалуу кагаздарын артыкчылыктуу сатып алууга;

8.1.9. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Жалгыз акционердин кароосуна киргизүү үчүн Башкы дирекцияга кошумча маселелерди кошууну сунуштоого;

8.1.10. Башкы дирекциянын отурумун чакырууну талап кылууга;

8.1.11. Коомдун аудиттик уюмун өзүнүн эсебинен аудит жүргүзүүнү талап кылууга;

8.1.12. Коомго анын ишмердигине карата кат жүзүндөгү сурамдар менен кайрылууга жана сурам менен белгиленген мөөнөттөрдө же сурамды алгандан кийин отуз календерлык күндөн кеч эмес жүйөлүү жоопторду алууга;

8.1.13. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте өзүнүн укуктарынын бузулгандыгы үчүн компенсация алууга;

8.1.14. Коомдун өкүлдөрү менен Жалгыз акционердин негизги укуктарын жана корпоративдик башкаруунун саясатын сактоо маселелерин талкуулоого;

8.1.15. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда өзүнүн атынан Коомдун кызмат адамдары тарабынан Коомго келтирилген зыяндын ордун толтурууну

талап кылуу жана Коомдун кызмат адамдары жана (же) алардын аффилиацияланган адамдары тарабынан ири бүтүмдөрдү түзүү (түзүүгө сунуштарды берүү) жана (же) кызыкчылыгы бар болгон бүтүмдөрдү түзүү жөнүндө чечимдерди кабыл алгандыгынын натыйжасында алынган пайданы ( кирешени) Коомго кайрып берүү жөнүндө талабы менен соттук органдарга кайрылууга;

8.1.16. Жалгыз акционер Коомду кайра түзүү же жойуу жөнүндө маселени карайт.

8.2. Жалгыз акционер төмөнкүлөргө милдеттүү:

8.2.1.Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралган тартипте акцияларга төлөөгө;

8.2.2. он күндүн ичинде Коомдун каттоочусун жана Жалгыз акционерге тиешелүү болгон акциялардын номиналдык кармоочусуна Коомдун акцияларын кармоочуларынын реестринин системасын жүргүзүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды өзгөртүү жөнүндө кабарлоого;

8.2.3. Кызматтык, коммерциялык же башка мыйзам менен корголуучу жашыруун сырды түзүүчү Коом же анын ишмердиги жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарбоого;

8.2.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка милдеттерди аткарууга.

**9-берене. Жалгыз акционердин өзгөчө компетенциясы**

9.1. Жалгыз акционердин өзгөчө компетенциясына төмөнкү маселелер кирет:

9.1.1. Коомдун стратегиясын бекитүү жана ошондой эле ага өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду киргизүү;

9.1.2.Коомдун Уставына өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду киргизүү же анын жаңы редакциясын бекитүү;

9.1.3. Коомду корпоративдик башкаруу Кодексин жана ошондой эле ага өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду бекитүү;

9.1.4.Коомду кайра түзүү;

9.1.5. Коомду жойуу, жойуу комиссиясын дайындоо жана жойуу балансын бекитүү;

9.1.6. Коомдун жарыяланган айлантуучу акцияларынын санын көбөйтүү же азайтуу же жайгаштырылбаган жарыяланган акцияларынын көрүнүшүн өзгөртүү жөнүндө чечимди кабыл алуу;

9.1.7. Коомдун баалуу кагаздарын конвертациялоонун шарттарын жана тартибин аныктоо , ошондой эле аларды өзгөртүү;

9.1.8. Коомдун жөнөкөй акцияларына конвертациялана турган Коомдун баалуу кагаздарын чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алуу;

9.1.9. жайгаштырылган акциялардын бир түрүн башка түрдөгү акцияларга алмаштыруу боюнча чечим кабыл алуу, мындай алмаштыруунун шарттарын аныктоо;

9.1.10. Коомдун башкаруу жана контролдоо органдары жөнүндө жоболорду бекитүү;

9.1.11. Коомдун аудитин ишке ашыруучу аудитордук уюмду жана анын кызматтарына төлөөнүн өлчөмүн бекитүү;

9.1.12. Коомдун Башкы директорун, Башкы директордун орун басарларын жана Башкы дирекциянын мүчөлөрүн шайлоо жана аларды кызматтан бошотуу;
Сыйакыны бекитүү “Кыргыз Энергетикалык Эсеп Борбору” ачык акционердик коомунун жетекчисине жана жетекчисинин орун басарларына сыйакыны төлөөнүн тартиби жөнүндө Жобого ылайык белгиленет.

9.1.13. Коомдун Башкы директорунун, Башкы директордун орун басарларынын жана Башкы дирекциянын мүчөлөрүнүн ыйгрым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечим кабыл алуу;

9.1.14.Коомдун Текшерүүчүсүн шайлоо жана анын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу;

9.1.15. Коомдун жылдык финансылык отчеттуулугун жана дивиденддик саясатын бекитүү;

9.1.16.Коомдун таза пайдасын бөлүштүрүүнүн тартибин бекитүү;

9.1.17. пайданы бөлүштүрүүнүн же чыгашаларды жабуунун тартиби, Коомдун бир жөнөкөй акциясы менен эсептегенде жөнөкөй акциялар боюнча дивиденддерди төлөөнүн өлчөмүн жана тартиби жөнүндө чечимди кабыл алуу;

9.1.18. Коомдун бардык өзүнө таандык активдеринин суммасында жыйырма беш же андан көп пайызын түзгөн активдеринин бир бөлүгүн же бир нече бөлүктөрүн өткөрүп берүү жолу менен Коомдун башка юридикалык жактарды түзүүгө же ишмердигине катышуусу жөнүндө чечимди кабыл алуу;

9.1.19.Коомдун активдеринин баланстык наркынан бүтүмдү түзгөн күнгө карата 30% (отуз пайыз) дан ашык өлчөмдөгү ири бүтүмдү Кoом тарабынан түзүүгө чечимди кабыл алуу;

9.1.20. Башкы дирекциянын мүчөлөрүнө квалификациялык критерийлерин жана талаптарын бекитүү;

9.1.21.Коомду өнүктүрүүнүн стратегиясын бекитүү;

9.1.22.Коомдун бюджетин бекитүү;

9.1.23. Коомдун Башкы дирекциясынын сандык курамын аныктоо;

9.1.24. Башкы дирекция тарабынан насыялык зайым жана-же ссудалык каражаттарды алуусун же берүүсүн макулдашуу;

9.1.25. Коомдун Башкы дирекциясынын мүчөлөрү менен эмгек келишимдерин/контракттарды түзүү;

9.1.26.Коомдун ишмердигинин техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрүн түзүү жана белгилөө;

9.1.27.Коомдун Катчысын шайлоо жана анын сыйакысынын өлчөмдөрүн аныктоо;

9.1.28. Коомдун бюджетинин Башкы дирекция тарабынан статьялары боюнча талаптагыдай аткарылышынын маселелерин, ошондой эле Коомдун бекитилген бюджетине ылайык Коомдун акча каражаттарын чыгымдоонун тартибин макулдашуу жана контролдоо;

9.1.29. келечекте Коомдун бюджетине таасир бере турган же таасир берген Коомдун ички документтерин бекитүү;

9.2. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдык актылары менен башка каралбаган болсо, чечимдерди кабыл алуу Жалгыз акционердин өзгөчө компетенциясына берилген маселелерди Коомду башкаруунун башка органдарыннын компетенциясына, Коомдун кызмат адамдарына жана жумушкерлерине берүүгө жол берилбейт.

**10-берене. Коомдун Башкы дирекциясы**

10.1. Башкы дирекция Коомдун ишмердигине жалпы жана күнүмдүк жетекчиликти жүргүзөт, жана ошондой эле, Жалгыз акционердин өзгөчө компетенциясына кирген маселелерди кошпогондо, Коомдун максаттарын, стратегиясын жана саясатын ишке ашырууга жоопкерчиликтүү болот.

10.2. Башкы дирекция Коомдун Уставынын, ошондой эле отурумдардын мөөнөттөрү, чакыруунун жана өткөрүүнүн, ошондой эле чечимдерди кабыл алуунун тартиби белгиленген жана башкаруунун жогорку органы беките турган Коомдун ички документинин негизинде аракет кылат.

Башкы дирекция Коомдун күнүмдүк ишмердигин ишке ашырууда жетектеме болуп эсептелген Жалгыз акционер бекиткен жана аны аткаруу – Башкы дирекциянын ишмердигинин эффективдүүлүгүн баалоонун башкы критерийи болгон Коомду өнүктүрүүнүн стратегиясына ылайык аракет кылат.

Башкы дирекция коллегиялдуу аткаруучу органдын жетекчиси – Коомдун жалгыз акционери тарабынан бир жылдан ашык эмес мөөнөткө шайлана турган Башкы директордон жана анын орун басарларынан турат. Башкы дирекцияга шайланган адамдар чектөөсү жок кайра шайлана алышат.

10.3. Жалгыз акционер Башкы директор, башкы директордун орун басарлары менен эмгек келишимин/контрактты түзөт.

10.4. Коомдун Башкы директорунун компетенциясына Коомдун жалпы жана күнүмдүк ишмердигинин бардык маселелери, анын ичинде анын ишмердигин башкаруунун төмөнкү маселелери кирет ( башкаруунун жогорку органынын өзгөчө компетенциясына кирген маселелерди кошпогондо):

10.4.1. Коомдун өнүгүүсүнүн стратегиясын ишке ашыруу максатында аракеттерди иштеп чыгуу жана бекитүү, ошондой эле аларды аткаруунун жыйынтыктарын кароо, башкаруунун жогорку органынын чечимдерин аткаруу;

10.4.2. Коомду өнүктүрүүнүн стратегиясын, Коомду өнүктүрүүнүн планын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, башкаруунун жогорку органы бекиткен Коомдун ишмердигинин түйүндүү көрсөткүчтөрүнө жана алардын максаттуу маанилерине жетишүү;

10.4.3.Коомду башкаруунун жогорку органы кабыл алган чечимдерди ишке ашыруу;

10.4.4. туунду коомдорго, ошондой эле аларга карата кыйыр ээлик жүргүзүлүүчү уюмдарга мыйзамдар жана уставдар менен берилген маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу;

10.4.5. Коомдун активдеринин бюджетине ылайык бүтүмдү түзгөн күнгө карата баланстык наркынын 15% (он беш пайыз) нан 30% (отуз пайыз) на чейин Коом тарабынан ири бүтүмдү түзүү жөнүндө чечимди кабыл алуу;

10.4.6. Алдын ала Жалгыз акционер менен макулдашуу боюнча Коомдун структурасын жана штаттык ыраатамасын бекитүү, Коомдун жумушкерлери үчүн эмгекке төлөө маселелерин чечүү;

10.4.7. келечекте Коомдун бюджетине таасир бере турган же таасир берген Коомдун ички документтеринен башка аткаруучу органдын компетенциясына өткөрүлүп берилген маселелер боюнча ички документтерин бекитүү;

10.4.8. Коом тарабынан ушул жылга жана келерки жылга болжолдонуп жаткан насыялык, зайымдык жана/же ссудалык каражаттардын зарыл болгон көлөмүн алуу үчүн пландаштырууну даярдайт жана  Жалгыз акционердин бекитүүсүнө киргизет.

10.5. Башкы дирекция Коомдун күнүмдүк ишмердигине өзүнүн компетенциясынын чектеринде дирекциянын отурумдарында келечекте Коомдун бюджетине таасир бере турган же таасир берген маселелерден башка чечимдерди кабыл алуу жолу менен жетекчиликти жүргүзөт. Башкы дирекциянын чечимдеринин укуктук күчүн таануу үчүн кворум катары анын отурумунда экиден кем эмес мүчөсүнүн катышуусу эсептелет.  Башкы дирекциянын отурумунда чечимди кабыл алуу үчүн Башкы дирекциянын экиден кем эмес мүчөсү добуш берсе, чечим кабыл алынды деп эсептелет.

10.6. Башкы дирекциянын чечимдери анын отурумунун протоколу менен тариздселет, ага катышкан Башкы дирекциянын бардык мүчөлөрү кол коюшат. Башкы дирекциянын чечимдери Коомдун тиешелүү жумушкерлерине ,же анын тиешелүү отурумдарына катышпаган Башкы дирекциянын мүчөлөрүнө  мындай протоколдон көчүрмө бөлүк формасында Жалгыз акционер тарабынан Коомдун Катчысынын милдеттери жүктөлгөн адамдын койгон колу менен жеткирилет.

10.7. Коомдун Башкы дирекциясынын ишмердигинин башка маселелери аларда каралган тартипте ички документтерге жана жоболорго ылайык чечилет.

10.8. Коомдун Башкы дирекциясы тарабынан кабыл алынган чечимдерди Коомдун жумушкерлери аткарууга милдеттүү.

10.9. Коомдун жумушкерлери Башкы дирекциянын мүчөлөрү боло алышат. Коомдун Башкы дирекциясынын функциялары, укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ушул Устав, Коомдун Башкы дирекциясы жөнүндө жобо жана көрсөтүлгөн адамдын Коом менен түзгөн келишими/контракты менен аныкталат.

10.10. Коомдун башкы дирекциясынын мүчөлөрү зыяндын алдын алуу, Коомдун Башкы дирекциясынын отурумун чакырууну демилгелөө, Коомдун Башкы дирекциясынын Төрагасына кабарлоо же башка жеткиликтүү ыкма менен Коомдун ишмердигин оптималдаштыруу боюнча зарыл болгон чараларды көрүүсү керек.

10.11. Коомдун Башкы дирекциясынын ар бир мүчөсү бир добушка ээ. Добуштар тең болгон учурда Коомдун башкы директору добуш берген чечим кабыл алынат.

10.12.Коомдун Башкы дирекциясынын мүчөсү тарабынан башка адамга, анын ичинде Коомдун Башкы дирекциясынын башка мүчөсүнө добуш берүү укугун өткөрүп берүүгө жол берилбейт.

10.13.Башкы дирекция өз отурумдарын эреже катары, айына 1 жолудан кем эмес өткөрөт.

10.14. Башкы дирекция уставга жана башка ички документтерге ылайык,  келечекте Коомдун бюджетине таасир бере турган же таасир берген маселелерден башка Коомдун күнүмдүк ишмердигинин башка маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууга укуктуу.

**11-берене. Башкы директор**

11.1. Башкы директор Коомдун коллегиалдуу аткаруучу органына жетекчилик кылат жана ушул Мыйзам жана Коомдун Уставы менен башкаруунун жогорку органына берилген маселелерден тышкары, Коомдун жалпы жана күнүмдүк ишмердигине жетекчилик кылуу боюнча бардык маселелерди чечүүгө укуктуу. Башкы директор өзү жеке кабыл алган бардык чечимдер тууралуу аларды кабыл алган күндөн тартып үч күндүн ичинде Башкы дирекцияны кабардар кылууга милдеттүү.

11.2. Башкы директор ишеним катсыз төмөнкү компетенцияларынын чектеринде Коомдун атынан аракет кылат:

11.2.1. Коомдун ишмердигин ыкчам башкаруу жана башкы дирекциянын иштөөсүн уюштуруу;

11.2.2. башкаруунун жогорку органына Башкы дирекциянын мүчөлүгүнө дайындоо үчүн талапкерлерди көрсөтүү, жана ошондой эле аларды кызматынан бошотуу жөнүндө сунуштаманы киргизүү;

11.2.3. Кыргыз Республикасында кандай болсо, ошондой эле чет өлкөдө Коомдун кызыкчылыктарын бардык мекемелерде, ишканаларда жана уюмдарда ( анын ичинде жалпы юрисдикциядагы соттогро жана бейтарап соттогро доо берүү укугу менен) көрсөтүү;

11.2.4.Мыйзамдын жана Коомдун ушул Уставынын негизинде келишимдерге, башка бүтүмдөргө кол койуунун, ишеним каттарды берүүнүн, ошондой эле финансылык документтерге биринчи кол койуу укугуна ээ болуу тартибин белгилөө;

11.2.5. Коомдун бардык жумушкерлери, Башкы дирекциянын мүчөлөрүн кошо аткарууга милдеттүү болгон , өзүнүн компетенциясына кирген буйруктарды, тескемелерди жана актылардын башка түрлөрүн чыгаруу;

11.2.6. Коомдун жумушкерлерин жумушка алуу жана бошотуу, алардын кызматтык нускамаларын белгилөө, сыйлоо жана жазалоо чараларын колдонуу, ошондой эле жумушкерлерди кызматтык иш сапарларына жөнөтүү;

11.2.7. Коомдун бюджетине ылайык, Коомдун атынан бүтүмдү же бир нече өз ара байланышкан бүтүмдөрдү мындай бүтүмдү түзүү жөнүндө чечимди кабыл алуу күнүнө карата Коомдун активдеринин баланстык наркынан 15% (он беш пайыз) дан ашпаган өлчөмдө түзүү;

11.2.8. Башкы директор ушул Уставдын 12 –беренесине ылайык, башкы бухгалтерди дайындайт.

**12-берене. Башкы бухгалтер**

12.1. Башкы бухгалтер Коомдун кызмат адамы болуп эсептелет.

12.2. Башкы бухгалтер Башкы директор тарабынан анын талапкерлигин алдын ала Жалгыз Акционер менен макулдашкандан кийин 3 (үч) жылдык мөөнөткө дайындалат.

12.3. Башкы бухгалтер менен шарттары материалдык жоопкерчилик жөнүндө жоболорду камтыган эмгек келишимин Башкы директор түзөт.

12.4. Башкы бухгалтер Башкы дирекция менен бирдикте коомдогу бухгалтердик эсепти уюштурууга, анын абалына жана аныктыгына, тиешелүү органдарга финансылык, салыктык отчетторду, ошондой эле, коомдун ишмердиги тууралуу маалыматтарды акционерлерге, насыячыларга жана жалпыга маалымдоо каражаттарына Кыргыз

Республикасынын жана Коомдун Уставына ылайык берип туруу боюнча жоопкерчиликтүү болот.

**13-берене. Текшерүүчү**

13.1. Коомдун финансылык-чарбалык ишмердигине контролдукту ишке ашыруу үчүн акционерлердин жалпы чогулушу Коомдун Текшерүүчүсүн 1 (бир) жылдык мөөнөткө шайлайт.

Коомдун Текшерүүчүсү болуп шайланган адам катары менен үч жолудан ашык шайлана албайт.

13.2. Коомдун Текшерүүчүсүнүн компетенциясы жана анын ишмердигинин тартиби ушул Устав , Корпоративдик башкаруунун кодекси жана Коомдун Текшерүүчүсү жөнүндөгү Жобо менен аныкталат.

13.3. Коомдун финансылык- чарбалык ишмердигин текшерүү (ревизиялоо) Коомдун жыл ичиндеги ишмердигинин жыйынтыктары менен, ошондой эле Коомдун Текшерүүчүсүнүн демилгеси, акционерлердин Жалпы чогулушунун чечими менен каалаган убакта ишке ашырылат.

Коомдун Текшерүүчүсү дайыма, бирок квартал сайын бир жолудан кем эмес, Жалгыз акционерге аткарылган иштер боюнча маалымат берет.

Коомдун Текшерүүчүсүнүн ишинин натыйжалары акционерлердин жылдык Жалпы чогулушунда акционерлерге билдирилет.

13.4. Коомдун Текшерүүчүсүнүн талабы менен Коомдун башкаруу органдарында кызмат орундарын ээлеген адамдар Коомдун финансылык-чарбалык ишмердиги тууралуу документтерди көрсөтүүгө милдеттүү.

13.5. Коомдун Текшерүүчүсү төмөнкүлөргө укуктуу:

13.5.1.акционерлердин кезексиз Жалпы чогулушун чакырууну талап кылууга;

13.5.2. компаниянын каражаттарынын эсебинен көз карандысыз эксперттерди жана аудиторлорду тартууга;

13.5.3. каралып жаткан маселелер түшүндүрүүлөрдү талап кылган учурларда Текшерүүчүнүн отурумдарына Башкы дирекциянын мүчөлөрүн катышуусун талап кылууга;

13.5.4.Коомдун кызмат адамдарынан анын ишине зарыл болгон документтерди талап кылууга;

13.5.5.аудиторду шайлоо боюнча сунуштамаларды берүүгө жана аны менен келишимди бузуу маселесин демилгелөөгө;

13.5.6.Коомдун аудиторунан түшүндүрүүлөрдү алууга;

13.5.7. Коомдун ички аудит кызматы менен кызматташууну ишке ашырат.

13.6. Коомдун Текшерүүчүсү бир эле учурда Коомдун башкаруу органдарында башка кызмат орундарын ээлей албайт.

Коомдун Текшерүүчүсү Коомдун жумушкерлери боло алышпайт.

**14-берене. Коомдун аудити**

14.1. Коомдун көз карандысыз аудити жылына бир жолу жүргүзүлөт, ошондой эле Коомдун башкаруу органдарынын демилгеси боюнча түзүлгөн келишимдин негизинде каалаган убакта, жана Коомдун финансылык отчеттуулугунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына шайкештигин аныктоо максатында текшерүүнү ишке ашырат.

**15-берене. Ири бүтүмдөр жана кызыкчылыктуу бүтүмдөр**

15.1.Коом тарабынан ири бүтүмдү же бир нече өз ара байланышкан бүтүмдөрдү түзүү, ошондой эле аларды түзүүдө кызыкчылыктар болгон бүтүмдөрдү түзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ошондой эле белгиленген тартипте бекитилген ички документтер менен каралган.

**16-берене. Башка жоболор**

16.1.Коомду кайра түзүү (бириктирүү, кошуу, бөлүү, бөлүп чыгаруу, кайра уюштуруу) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

16.2. Документтерди сактоонун, маалыматты берүүнүн жана жарыялоонун тартиби жана ошондой эле башка жоболор Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдары жана белгиленген тартипте бекитилген Коомдун ички документтери менен жөнгө салынат.

17-берене. Уставга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби

17.1. Коомдун Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү Жалгыз акционердин өзгөчө компетенциясында турат.

17.2. Ушул Уставдын жоболорунун бирөө жараксыз болуп калса, анда ал башка жоболорго тиешеси жок болот.

17.3. Жараксыз жоболор ушул Устав менен аныкталган, укуктук жактан жол берилген же мааниси жагынан жакын жоболор менен жогоруда белгиленген тартипте алмаштырылат.